**Изденүүчү Садыров Муратбек Тентиевичтин 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» деген темадагы диссертациялык ишине**

# ПИКИР

Кайра куруу жана постсоветтик мезгил аралыгында, кыргыз элинин коомдук турмушунун бардык тармактарында өзүнүн маданий - тарыхый баалуулуктарынын башаттарына кайрылуу тенденциясы башталып, улуттук адабияттаануунун көпчүлүк маселелерин кайрадан карап чыгуунун актуалдуулугу биринчи орунга чыккан мезгили болду.

Советтик кыргыз адабияттаануу илиминин бир кылымга жетпеген мезгил аралыгындагы илимий изилдөөлөрү кыргыз элинин адабияттаануусунун тарыхы көп баскычтуу жана көп кырдуу экендигин көрсөткөн эле. Кыргыз адабияттаануусунун тарыхын түзүү жана изилдөө багытындагы маанилүү эмгектер, XX кылымдын 20-30-жылдары эле колго алынып, эл арасынан элдик фольклордук, адабий ж.б. мурастарды чогултуу, жазып алуу иштери башталып, жазма адабияттын калыптануу процесси жүрүп баштагандыгы белгилүү. Жыйырма жылга жетип-жетпеген мезгил аралыгында алгачкы агартуучулардын жана илимпоздордун аракеттеринин натыйжасында, 1943-жылы «Кыргыз адабиятынын очерктери» М.И.Богданова, К.Рахматуллин, Т.Саманчин ж.б. аркылуу жазылса, бул эмгек 1947-жылы М.И.Богданова тарабынан толукталып, жаңы материалдар кошулуп «Киргизская литература. Очерк» китеби жарык көрөт. Ал эми 1945-жылы Тил, адабият жана тарых институтунун эмгектери журналына А.Н.Бернштамдын «Истоки киргизской литературы» макаласы, ошол эле жылдарга удаалаш М.Богдановaнын «Теория литературы», «О взаимоотношении литературы и фольклора» жана башка эмгектер жазылгандыгы белгилүү. Бул кыска мезгил аралыгында кыргыз адабияттаануу илиминин элдик фольклордон тартып, Орто кылымдагы руникалык колжазма адабияты, акындар чыгармачылыгы жана ошол учурда жаңыдан гана калыптанып жаткан кыргыз совет адабиятынын тунгуч чыгармалары камтылып, илим изилдөөгө алынып баштаган эле. Бирок, улуттук тарыхтын, адабияттын, маданияттын ж.б. башаттарын изилдөө иштерине тилекке каршы бөгөт коюлуп, белгилүү себептерден улам илимий-изилдөө иштери өзүнүн өтөөсүнө чыкпай калган болчу.

Кыргыз адабиятынын тарыхына арналып совет мезгилинде адабият тарыхы боюнча жарык көргөн эмгектердин катарына К.Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982), Кыргыз илимдер улуттук

академиясынын тил жана адабият институту (К. Асаналиев, А. Садыков, С.Жигитов, К.Байжигитов, С.Байгазиев ж.б.) тарабынан түзүлгөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын» (1-том 1987, 2-том 1989) эки томдугу, ушул эле мекеме тарабынан (С.Байходжоев, Ж. Таштемиров, Б. Кебекова, С. Мусаев ж.б.) «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери», «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерктери» жана башка эмгектер жеке автор (К.Артыкбаев) жана коллективдуу түрдө жазылып, кыргыз оозеки, акындар чыгармачылыгы, советтик кыргыз адабияты болуп өз өзүнчө болуп жарык көргөн эле. Мындай тенденция жалпы эле советтик адабиятка мүнөздүү көрүнүш болгон.

Ар мезгилде жарык көргөн эмгектердин ичинен Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору тарабынан даярдалып, «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 7 томдугун (2002), кийин толукталып басылган 10 томдугун (2017) улуттук фольклортаануусунун жана адабияттаануусунун тарыхынын өзгөчө этабы катары белгилөөгө болот. Бул фундаменталдуу томдуктарда биринчи ирет кыргыз адабиятынын жалпы тарыхы эволюциялык бирдиктүү процесс катары жазылып, улуттук адабиятыбыздын көркөмдүк наркы, жалпы адамзаттык мааниси көрсөтүлүп берилет. Атап айтканда, кыргыз адабият тарыхынын фольклор, байыркы колжазма адабиятынын, акындар поэзиясынын, профессионалдык жазма адабиятынын көптөгөн маанилүү маселелери көмүскөдөн чыгарылып, биринчи кезекте билимберүүнүн жана илимтаануунун негизги объектисине айланган болчу.

Элдик фольклордон тартып анын XXI кылымдагы Эгемендүүлүк мезгилине чейинки улуттук адабиятыбыздын узак тарыхын камтыган бул 10 томдук эмгек - кыргыз фольклортаануусу менен адабияттаануусундагы орду өзгөчө десек болот. Эгемендүүлүк мезгилинде алгачкылардан болуп жарык көргөн бул эмгектерди илимий изилдөөгө алуу зарылчылыгы да пайда болгон эле. Бул максатта бир катар изденүүчүлөргө кандидаттык жана докторлук иштердин темалары бекитилип берилген болчу.

Изденүүчү М.Садыровго «Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» деген тема 2004-жылы эле бекитилип берилип, ошол мезгилден бери ушул маселенин үстүндө изилдөө иштерин жүргүзүп келип, бүгүнкү күндө докторлук диссертация толугу менен жазылып бүтүп, илимий талкуулардан ийгиликтүү өтүп, коргоого коюлуп жатат.

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу жана жаңычылдыгы сыяктуу маселелерге келгенде, албетте кыргыз адабияттаануусунун тарыхына, илимий-теориялык жана адабий сын маселелерине карата кылымдар бою жүргүзүлүп келген илимий иштерди комплексттүү карап чыгуусу иштин

актуалдуулугун жана жаңычылдыгын белгилеп турат. Бул маселеге жараша изденүүчү диссертациялык иштин 1-бабын арнап, **«Кыргыз адабияттаануусунун илимий-методологиялык маселелеринин изилденишинин тарыхы»** - деп аталып, кыргыз адабияттаануусунун фольклордук башаттары, Орто кылымдагы колжазма, манускрипттик жана акындар поэзиясынын, профессионалдык жазма адабиятынын бизге чейинки изилденишинин илимий-методологиялык маселелери 3 параграфка бөлүп иштелип чыккан.

Кыргыз адабияттаануусунун адабий чыгармачылык жана илимий изилдөө иштеринин илимий-методологиялык маселелерине көңүл бурулган. Бул баптын объектисин ачып бериш үчүн, изденүүчү кыргыз адабияттаануусунун тарыхынын, теориясынын, сынынын жана алардын адабий булактаануу, текстология, библиография, салыштырма адабияттаануу, ыртаануу жана башка кошумча дисциплиналарынын бүтүндүгүнөн турган илимий предметине карата буга чейин жазылып келген эмгектерди анализге алып жалпы обзор берип чыгат.

**«Кыргыз адабияттаануусунун фольклордук, руникалык колжазма жана акындар чыгармачылыгындагы адабий башаттары»** деген экинчи бап 3 параграфтан туруп, кыргыз адабияттаануусунун ажырымсыз этабы катары каралат. Элдик фольклордон тартып анын руникалык колжазма адабияты, акындар чыгармачылыгы кыргыз адабияттаануусунун адабий чыгармачылык маанилүү этабы катары изилденип чыккан.

Фольклордук-адабий чыгармачылыктын жалпыдан жекеге, тагыраак айтканда, кайсы бир элге, же авторго тиешелүү боло башташы биринчи кезекте Орто кылымдагы колжазма адабиятында түптөлүп, акындар поэзиясында биротоло ишке ашкандыгы ишенимдүү илимий-методологиялык базада далилденип берилет.

**«Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү»** аттуу үчүнчү бап 3 параграфтан туруп, кыргыз адабияттаануусунун адабият тарыхы, адабият теориясы жана адабият сыны предметтеринин маселелери илимий-методологиялык негизде изилдөөгө алынат.

Диссертациялык изидөөнүн негизги бөлүгү болуп эсептелген 3-бап, кыргыз профессионалдык адабияттаануусунун негизги предметтерине илимий-теориялык жактан анализ жүргүзүлүп, бул багытта жазылып келген эмгектердин негизгилеринен илимий тыянактар чыгарылган. Ошону менен катар эле бул мезгил аралыгындагы кыргыз адабияттаануусунун адабий чыгармачылык жана илимий тенденцияларына орун берилип жеткиликтүү деңгээлде талдоого алынат.

«**Фольклор менен адабияттын байланышы жана адабияттаануунун кошумча предметтеринин калыптанып өнүгүшүнө**» арналган 4-бап, фольклор менен адабияттын өзара байланыштары, кыргыз адабий булактаануусунун айрым маселелери, билингвалык чыгармачылыктын кыргыз адабиятындагы калыптанып өнүгүшү каралып, 3 параграфка бөлүнүп иштелип чыккан.

Кыргыз адабияттаануусунун пайда болушу жана калыптанып өнүгүшүндөгү фольклор менен жазма адабияттын байланыштарын кароодо, анын салыштырма адабияттаануу, адабий булактаануу, текстология жана башка кошумча предметтерин кыйгап өтүү мүмкүн эместиги белгиленет. Бул багыттагы белгилүү изилдөөлөргө, эмгектерге көңүл бурулуп, ишке карата натыйжалуу пайдаланылган десек болот. Адабияттаануунун адабий байланыштар, адабий булактаануу, билингвалык чыгармачылык сыяктуу кошумча предметтеринин тандалып алынышы, биринчи кезекте фольклор менен адабияттын байланыштарын ачып берүүгө багытталса, экинчиден кыргыз адабияттаануусунун дүйнөлүк алкакка чыгуудагы Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы менен байланышта каралып чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, фольклор менен адабияттын өз ара байланыштары, колжазма адабият пайда болгон күндөн тартып эле калыптанып, көбүнесе эпикалык, лирикалык жанрлардын аркасында ишке ашырылуу менен анын салттары азыркы жазма адабиятта андан ары өнүгүп жаткандыгы белгиленип, изденүүчү диссертациялык теманын үстүндө илимий-теориялык, тарыхый-методологиялык жана башка изилдөөлөрдү мыкты деңгээлде ишке ашырып жакшы жыйынтыктарга жетише алды.

Изденүүчү М.Т.Садыровдун «**Кыргыз адабияттаануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү**» деген темада жазылган докторлук диссертациясын ЖАКтын бардык талаптарына жооп берген илимий иш катары коргоого сунуш кылам.

**Илимий кеңешчи, ф.и.д., профессор,**
**КР УИАнын академиги** А.Акматалиев